## 7. ОЙНО, ОЙНО

Көтөрүп колду бийик тартынбай кана бийле,
Көңүлдүн черин жазып келгиле баарың бирге.
Бул күндүн көркүн ачып кыз-жигит ойноп турса,
Бөлөнүп ушул учур жаркырап шаң-күлкүгө.

Ойно, ойно тартынбай ойно,
Көңүлдү бүгүн кубантып.
Ойно, ойно кошулуп ойно,
Дене боюң буралтып.
Бийле, бийле тартынбай бийле,
Көңүлдү бүгүн кубантып.
Бийле, бийле кошулуп бизге,
Дене боюң буралтып.

Турбагын бекер карап кошулуп бизге ойно,
Капалык артта калсын жадырап күлүп ойно.
Жашоонун доорун сүрүп, дени сак, эсен жүргүн.
Бул күндөр эсте калсын, өткөнгө капа болбо.

Ойно, ойно тартынбай ойно,
Көңүлдү бүгүн кубантып.
Ойно, ойно кошулуп ойно,
Дене боюң буралтып.
Бийле, бийле тартынбай бийле,
Көңүлдү бүгүн кубантып.
Бийле, бийле кошулуп бизге,
Дене боюң буралтып.